**Кыргыз Республикасынын**
**Илим, жогорку билим берүү жана**
**инновациялар министрлигине**
**караштуу Интеллектуалдык**
**менчик мамлекеттик фондунун**
**2026-жылдын 30-январындагы**
**№ 8-П буйругу менен бекитилген**

# "7 жаш автор" адабий конкурсун өткөрүү жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1. "7 жаш автор" адабий конкурсун өткөрүү жөнүндө ушул Жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын "Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренесинин 3-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы №390 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондунун жобосуна ылайык иштелип чыкты.

2. Жобо "7 жаш автор" конкурсун (мындан ары – Конкурс) уюштуруунун максаттарын, милдеттерин, шарттарын жана тартибин аныктайт, ошондой эле Конкурсту уюштуруучу менен анын катышуучуларынын ортосундагы өз ара мамилелердин жалпы эрежелерин белгилейт.

3. Конкурсту уюштуруу жана өткөрүү жалпыга жеткиликтүүлүк, инсанды эркин өнүктүрүү, Конкурстун катышуучуларынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо принциптеринде түзүлөт.

## 2. Терминдер жана аныктамалар

**Уюштуруучу** – Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине (мындан ары – Министрлик) караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду (мындан ары – Мамлекеттик фонд).

**Конкурстун Катчылыгы** – уюштуруучулук-техникалык камсыздоо жүктөлгөн Мамлекеттик фонддун тийиштүү түзүмдүк бөлүмү.

**Калыстар тобу** – бул иштерди баалоо жана Конкурстун жеңүүчүлөрүн аныктоо үчүн дайындалган компетенттүү адистердин тобу (мындан ары – Калыстар тобу). Калыстар тобунун курамына Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөлөрү, адабият таануучулар, окумуштуу филологдор кирет. Калыстар тобунун Курамы 7 (жети) адамдан кем эмес болууга тийиш. Калыстар тобу ишке коомдук башталышта ыктыярдуу негизде тартылат жана Конкурстун жеңүүчүлөрүн тандап алышат.

**Конкурстун өнөктөштөрү** – Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзу, адабий клубдары жана бирикмелери (мындан ары – Өнөктөштөр).

**Конкурстун катышуучулары** – поэзия, проза, драматургия багыттары боюнча 45 (кырк беш жаш кирет) жашка чейинки курактагы таланттуу жаштар (мындан ары – Катышуучулар).

**Өтүнмө** – Катышуучу жөнүндө бардык зарыл маалыматтарды камтыган бланк – формуляр (мындан ары – Өтүнмө, 1-тиркеме).

**Конкурстун жеңүүчүсү** – конкурстун жыйынтыгы боюнча 7 (жети) жеңүүчү аныкталып, алардын чыгармалары Уюштуруучу тарабынан басылып чыгарылат.

Ар бир жеңүүчүгө диплом жана китептер тапшырылат, китептердин саны жана нускасы Уюштуруучу тарабынан аныкталат.

## 3. Конкурстун максаты жана милдеттери

- Кыргыз Республикасында жаш авторлордун талантынын ачылышы үчүн жагымдуу шарт түзүү, чыгармачылык ишмердүүлүгүн андан ары өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү жана көмөк көрсөтүү;
- Кыргыз Республикасындагы жаш авторлордун мыкты чыгармаларын аныктоо жана жайылтуу;
- Катышуучулардын кесипкөйлүүлүк чеберчилигин арттыруу;
- Жаш авторлордун чыгармачылыгына коомчулуктун көңүлүн буруу;
- Балдар жана жаштарды чыгармачылык процесске тартуу менен элибиздин улуттук маданият жана руханий байлыгынын адеп-ахлактык негиздерин өздөштүрүүгө багыттоо.

## 4. Конкурсту өткөрүү жана Өтүнмөлөрдү кабыл алуу тартиби

4. Конкурс эки жылда бир өткөрүлөт жана мөөнөтүн Уюштуруучулар аныктайт.

5. Катчылык тарабынан ММКда жана социалдык тармактарда өткөрүлүп жаткан конкурс жөнүндө чагылдыруу боюнча маалыматтык иш жүргүзүлүп, ошондой эле Конкурска катышуу үчүн Өтүнмөлөрдү жана керектүү материалдарды кабыл алуу жана тандоо жүргүзүлөт.

6. Конкурска катышуу үчүн Катышуучулар тарабынан ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык Өтүнмөнүн формасы толтурулат жана чыгармачылык иштер менен бирге Катчылыкка жиберилет.

7. Өтүнмө жана конкурстук иштер, jpg форматындагы 300 dpi электрондук сүрөтү жана кыскача өмүр баяны электрондук дарек боюнча кабыл алынат: gosfond@ilim.gov.kg.

8. Конкурсту өткөрүү мөөнөтү узартыла турган болсо же башка өзгөрүүлөр кирсе, Катчылык кошумча маалыматты же жаңы шарттарын Министрликтин жана Мамлекеттин фонддун расмий сайттарына жарыялайт.

9. Конкурска ушул Жобонун талаптарына ылайык келбеген чыгармалар кабыл алынбайт жана каралбайт:

Конкурска төмөндөгү чыгармалар катыштырылбайт жана каралбайт:

- чала иштелген чыгармалар;
- өтүнмө каты жок же өтүнмө катка колу коюлбай тапшырылса;
- чогултуу мөөнөтүнөн кечиксе;
- конкурстун материалдарынын мазмунунда башка авторлордун чыгармалары колдонулса;
- улуттар аралык, расалык жана диндер ортосунда кастыкты козуткан чыгармалар;
- саясий мүнөздөгү жана үгүттөөнүн башка түрүн камтыган чыгармалар.

10. Катчылык Өтүнмөнүн толуктугун жана комплекттүүлүгүн, ошондой эле конкурстук иштердин талапка жооп берерин текшерет, зарыл учурда Конкурска тийиштүү кошумча маалыматтарды сурайт.

11. Конкурска катышууга Өтүнмө берүү ушул Жободо каралган талаптар жана шарттар менен Катышуучулардын макулдугун билдирүүсүнүн формасы болуп саналат.

12. Келип түшкөн конкурстук иштер Калыстар тобунун кароосуна сунушталат. Конкурстук иштер кайтарылбайт жана рецензияланбайт.

## 5. Конкурстук иштерге коюлуучу талаптар

13. Чыгармачылык иштер кыргыз жана орус тилдеринде берилиши мүмкүн жана Word тексттик редакторунда Times New Roman шрифтинде, 14 көлөмдүк бирдигинде, бирдиктүү интервалда A4 форматындагы ак кагазга даярдалган 250 барактан ашпоого тийиш. Чыгармачылык иштин ар бир барагынын чети 20 мм, ар бир абзацы абзацтык аралык боюнча 10 мм болуусу керек.

14. Катышуучулардын иштери төмөнкү критерийлер боюнча бааланат:

- сюжеттин оригиналдуулугу жана жаңычылдыгы;
- чыгарманын көркөмдүүлүгү;
- актуалдуулук;
- өз алдынча ой жүгүртүү;

## 6. Конкурсту Уюштуруучунун укуктары жана милдеттери

15. Конкурстун Уюштуруучусу камсыз кылат:

- Конкурстун бардык катышуучулары үчүн бирдей шарттар;
- Конкурсту өткөрүүдө ачык-айкындуулук;
- Конкурстун жыйынтыгы жөнүндө маалыматты расмий жарыялоодон мурда таратууга жол бербөө.

16. Уюштуруучу жеңүүчү авторлордун чыгармаларын колдонуу, адабий жыйнагындагы бүтүндөй чыгарманы же анын бир бөлүгүн, интернет, ошондой эле массалык маалымат каражаттары аркылуу жайылтуу, басып чыгаруу жана кайра басып чыгаруу укугун өзүнө калтырат.

17. Конкурстун Уюштуруучусу ушул Жобого ылайык конкурсту жокко чыгарууга укуктуу жана Катышуучуларга Министрликтин жана Мамлекеттик фонддун расмий сайттарына жарыялоо аркылуу маалымдайт.

## 7. Конкурска Катышуучунун укуктары жана милдеттери

18. Бир автор тарабынан Конкурска 3төн көп эмес аңгеме, бир повесть, бир роман, бир драмалык чыгарма сунушталышы мүмкүн.

19. Катышуучулар аңгемелер, повесттер, романдар, поэтикалык жана драмалык чыгармаларын сунуштайт алат.

20. Катышуучулар Конкурска катышууга өтүнмөнү тариздөөдө зарыл болгон так маалыматтарды көрсөтүүгө жана берүүгө милдеттүү.

21. Конкурска авторлор Жобо менен таанышып чыккандан кийин өз алдынча жана өз эрки менен катышат.

22. Катышуучулар Конкурсту өткөрүү максатында 2-тиркемеге ылайык жеке маалыматтарды чогултууга, сактоого, колдонууга, иштеп чыгууга, жарыялоого жана жайылтууга макулдугун берет жана ырастайт.

23 Автор жеке мүлктүк эмес укукка ээ. Мүлктүк укук Уюштуруучуларга өткөрүлүп берилет.

24. Катышуучулар үчүнчү жактын укуктарын бузбай турганына кепилдик беришет.

25. Катышуучулар автордук укукту бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, жарандык-укуктук жоопкерчиликти тартат.

## 8. Конкурстун Калыстар тобунун укуктары жана милдеттери

26. Калыстар тобу Конкурстун аяктаган күнүнөн мурда Конкурстун акыркы жыйынтыктары тууралуу маалыматты ачыкка чыгарбайт.

27. Конкурска жиберилген иштерди, ошондой эле Катышуучулар жөнүндө маалыматтарды конкурс аяктаганга чейин интернетке жана башка массалык маалымдоо каражаттарына жайылтпайт.

28. Конкурстук иштерди ушул Жобонун 3-тиркемесиндеги критерийлерге ылайык баалайт.

## 9. Каржылоо

29. Конкурсту каржылык жактан камсыз кылуу Мамлекеттик фонддун каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

30. Конкурстун жеңүүчү авторлорунун чыгармаларын басып чыгарууну каржылоо Мамлекеттик фонд тарабынан ишке ашырылат.

31. Калыстар тобунун чечиминин негизинде Мамлекеттик фонд Конкурстун жеңүүчүлөрүнүн чыгармаларын басып чыгарат.

1-тиркеме

**“7 жаш автор” адабий конкурсуна катышууга**
**ӨТҮНМӨ**

Аты, фамилиясы, атасынын аты______________________________________________
__________________________________________________________________________

Туулган жылы, айы, күнү___________________________________________________

Паспорту __________________________________________________________________
__________________________________________________________________________

ИСН ______________________________________________________________________

Окуу жайынын/иштеген жеринин толук аталышы, дареги (индексин көрсөтүү менен), телефону, e-mail: ___________________________________________________
__________________________________________________________________________
__________________________________________________________________________
__________________________________________________________________________

Телефон жана почта индексин көрсөтүү менен толук үй дареги/ e-mail: __________
__________________________________________________________________________
__________________________________________________________________________
__________________________________________________________________________

Номинация_________________________________________________________________
__________________________________________________________________________

Сунушталган чыгарманын аталышы _____________________________________________
__________________________________________________________________________
__________________________________________________________________________

Чыгарманы жаратууда башка адамдардын автордук жана чектеш укуктары бузулбагандыгына кепилдик берем. Ошондой эле үчүнчү жактар же уюмдар тарабынан автордук укуктун бузулушуна карата дооматтар же даттануулар болгон учурда бардык жоопкерчиликти өз мойнума алам.

Кыргыз Республикасынын "Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө" Мыйзамы менен тааныштым.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга автордун макулдугу ушул өтүнмөгө тиркелген бланкка кол коюу менен ырасталды.

Өтүнмө ээсине белгилүү болгондой, КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №759 “Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө анын макулдугун алуу тартиби, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектилерине билдирүү тартибин жана формасын бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду өтүнмөдө көрсөтүлгөн жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын зарыл максаттарда жана көлөмдө иштетүүнү жүзөгө ашырат.

Мен,_________________________________________________________(аты-жөнү), бул документтер топтомунда берилген маалыматтардын аныктыгын жана тактыгын ырастайм, ошондой эле өткөрүлүп жаткан конкурстун шарттарына макулмун.

Катышуучунун колу __________________

Күнү, айы, жылы _____________________

2-тиркеме

*(Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө анын макулдугун алуу тартиби, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектилерине билдирүү тартиби жана формасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №759 токтому менен бекитилген))*

**Жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук**

Калктуу конуш: “__” ______ 20__-ж.

Мен, ________________________________________________________________________

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

_____________________________________________________________________________

_______________________________________________________________ дареги боюнча жашайм

ким экендигин ырастаган документ: ______________________сериясы_____№_________________

(документтин түрү)

берилген_____________________________________________________________________

(берилген күнү)

_____________________________________________________________________________

(ким тарабынан берилген)

ишенимдүү адам үчүн ___________________________________________________________

атынан иш алып барган (аты-жөнү)

төмөнкү дарек боюнча жашаган: __________________________________________________

ким экендигин ырастаган документ: ___________________серия_________№_________________

(документтин түрү)

берилген_____________________________________________________________________

(берилген датасы) (ким тарабынан берилген)

негизинде ____________________________________________________________________

(ишеним кат, мыйзам, башка укуктук акт)

эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз эрким менен төмөнкүлөргө макулдук берем:

_____________________________________________________________________________

_____________________________________________________________________________

(маалыматтык ситемасынын менчик ээси же ээлик кылуучунун аталышы, дареги, иштетүүчүнүн аты-жөнү)

 иштеп чыгууга (чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу максатында ыкмаларга карабастан жеке маалыматтарды кармоочу (ээси) тарабынан же анын тапшырмасы боюнча, автоматтык каражаттар менен же аларсыз аткарылуучу кандай болбосун операция же операциялардын топтому):

 жеке маалыматтарды басылмаларда, жалпыга маалымдоо каражаттарында жана интернет тармактарында жарыялоого;

 "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык үчүнчү жактарга жеке маалыматтарды берүүгө (жеке маалыматтарды кармоочу (ээси) тарабынан берүү);

 төмөнкү жеке маалыматтарды транс чек аралык берүүгө (жеке маалыматтарды кармоочу (ээси) тарабынан башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган кармоочуларга берүү):

*1.* ___________________________________________________________________________

*2.* ___________________________________________________________________________

*3.* ___________________________________________________________________________

*4.* ______________________________________________________________________________
*5.* ______________________________________________________________________________
*6.*______________________________________________________________________________
*7.*______________________________________________________________________________
*8.* ______________________________________________________________________________

(талап кылынган маалыматтардын тизмегин көрсөтүү, мисалы: фамилиясы, аты, атасынын аты (мурдагы фамилиясы, аты, атасынын аты, өзгөртүлгөн датасы, жери жана себептери (өзгөртүлгөн учурда); туулган датасы жана жери; жарандыгы жөнүндө маалыматтар (анын ичинде мурдагы жарандыгы, башка жарандыктары); билими жөнүндө маалыматтар (билим берүү уюмунун аталышы жана аяктаган жылы, билими жөнүндө документтин аталышы жана реквизиттери, билими жөнүндө документ боюнча квалификациясы, даярдоо багыты же адистиги); окумуштуулук даражасынын болушу жөнүндө маалыматтар; чет тилдерди билүүсү, билүү деңгээли тууралуу маалыматтар; спорттук наамы, спорттук разряды; жашаган жеринин дареги (турган жери); байланыш телефонунун номери же байланыштын башка ыкмалары тууралуу маалыматтар; ким экендигин күбөлөндүрүү документтин түрү, сериясы, номери, аны берген органдын аталышы, берилген датасы; салык төлөөчүнүн идентификациялык номери; милдеттүү пенсиялык камсыздандыруунун камсыздандыруу күбөлүгүнүн номери; милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин реквизиттери; аскердик милдетке мамилеси, аскердик эсепке алуу боюнча маалыматтар (запаста турган жарандар жана аскердик кызматка чакырылууга тийиш болгон адамдар үчүн); үй-бүлөлүк абалы, үй-бүлөсүнүн курамы; эмгек иши жөнүндө маалыматтар (аскердик кызматты, айкалыштыруу боюнча ишти, ишкердик ишти ж.б. кошкондо); мамлекеттик сыйлыктары, башка сыйлыктары жана артыкчылык белгилери (ким тарабынан жана качан сыйланган); соттуулугунун бар же жок экендиги жөнүндө маалымат; кирешелер, чыгашалар жөнүндө, мүлк жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелер жөнүндө маалыматтар; жеке сүрөтү).

Жогоруда көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды мага мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүү максатында иштеп чыгуу үчүн берем________________________________________________

_________________________________________________(кызмат көрсөтүүнүн аталышы көрсөтүлөт)

Мен, төмөнкүлөр менен тааныштым:

1) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жана жарыялоого макулдук ушул макулдукка кол коюлган датадан тартып мага мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүнүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалыматтарды сактоонун бүткүл мөөнөтүнүн ичинде күчүндө болот;

2) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жана жарыялоого макулдук эркин формадагы жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде кайра чакыртып алынышы мүмкүн.

3) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жана жарыялоого макулдук кайра чакыртып алынган учурда менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгуу "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5, 15-беренелерине ылайык толугу менен же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу башталган дата: _____________________________

(күнү, айы, жылы)

20__-жылдын “___” _________________________________

______________________ ______________________________________________

Колу Фамилиясы, аты, атасынын аты

3-тиркеме

**“7 жаш автор” адабий конкурсунун катышуучуларынын ишин**
**БААЛОО БАРАКЧАСЫ**

| № | Чыгармалар жыйнагынын аталышы | Баалоо критерийлери | | | | | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Сюжеттин оригиналдуулугу жана жаңычылдыгы (1-10 балл) | Чыгарманын көркөмдүүлүгү (1-10 балл) | Актуалдуулугу (1-10 балл) | Идеянын оригиналдуулугу (1-10 балл) | Өз алдынча ой жүгүртүүсү (1-10 балл) | |
| 1. | | | | | | | |
| 2. | | | | | | | |
| 3. | | | | | | | |
| 4. | | | | | | | |
| 5. | | | | | | | |
| 6. | | | | | | | |
| 7. | | | | | | | |
| 8. | | | | | | | |
| 9. | | | | | | | |
| 10. | | | | | | | |

**Калыстар тобунун мүчөсү** ____________________________________

**Колу** ______________________ **Күнү**___________________